КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК
АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ
КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

8-июнь 2022-ж. № 48 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын УИАсынын математика институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 01.22.647 диссертациялык кеңешин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2022-жылдын 31-мартындагы №27 буйругуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №37 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 18 - январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген «Диссертациялык кеңеш жөнүндө» жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022–жылдын 2- июнундагы №317 токтомунун (№5д/к-4/4 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын УИАсынын математика институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 01.22.647 диссертациялык кеңешинин курамынан ф.-м.и.д., профессор, Кыргыз Республикасынын УИАсынын мүчө-корреспонденти Келдибай Алымкулов дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу чыгарылсын.

2. Кыргыз Республикасынын УИАсынын математика институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 01.22.647 диссертациялык кеңешинин курамына ф.-м.и.д., профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин колдонмо математика, информатика жана компьютердик технологиялар кафедрасынын профессору Аблабеков Бактыбай Сапарбекович 01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги (авторефераты боюнча) боюнча киргизилсин.

**Төрага** **Б.К. Тыналиева**